УДК: 821.512.154
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-709-714

**Калыбаева А.Б.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Алманбетова Н.А.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Адамалиева М.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# АЙТМАТОВ ААЛАМЫ – САБАКТА

**Аннотация:** Чыңгыз Айтматов – XX кылымдын белгилүү кыргыз жазуучусу жана интелектуалдарынын бири. Анын чыгармалары кыргыз адабиятынын алкагында гана эмес, дүйнөлүк адабияттын баалуу мурастары катары да кабыл алынган. Айтматовдун чыгармаларын сабакта колдонуу студенттерди адабий чыгармаларга кызыктыруу, критикалык ой жүгүртүүгө жана чыгармачылыкка багыт берүүдө маанилүү. Тандалып берилген тексттердин тематикасына жараша сабактын билим, тарбия берүүчүлүк, руханий маданияттын дүйнө таануусун өстүрүүчүлүк мазмуну менен мүмкүнчүлүгү байыйт. Макалада Ч.Айтматов элибиздин башка элдер сыяктуу улут катары өнүгүшүндө, өзүнүн эне тилинин келечегин, анын маданий жана социалдык жактан гүлдөп өсүшүн , кыргыз тилинин ролун, маанисин, ордун туура көрө билген көсөмдүгү баяндалган.

**Негизги сөздөр:** Залкар, даанышман, көз караш, улутчул, тагдыр, көсөм, керемет, атуул, түбөлүктүү, ыйык, улуу ойлор.

**Калыбаева А.Б.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Алманбетова Н.А.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Адамалиева М.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ВСЕЛЕННАЯ АЙТМАТОВА – НА УРОКЕ

**Аннотация:** Чингиз Айтматов – один из известных кыргызских писателей и интеллектуалов XX века. Его произведения рассматриваются не только в рамках кыргызской литературы, но и как ценное наследие мировой литературы. Использование произведений Айтматова на уроке важно вызвать у учащихся интерес к литературным произведениям, направить их на критическое мышление и творчество.
В зависимости от тематики выбранных текстов обогащается познавательный, воспитательный, познавательный потенциал духовной культуры. В Статье Ч.Айтматов видел в развитии нашего народа как нации, как и других народов, будущее своего родного языка, его культурное и социальное процветание, роль, значение, место кыргызского языка.

**Ключевые слова:** великий, мудрый, точка зрения, националист, судьба, сила, чудо, гражданин, вечный, святой, великие мысли.

**Kalybayeva A.B.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Almanbetova N.A.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Adamalieva M.K.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## AITMATOV'S UNIVERSE - IN THE LESSON

**Abstract:** Chingiz Aitmatov is one of the famous Kyrgyz writers and intellectuals of the 20th century. His works are considered not only within the framework of Kyrgyz literature, but also as a valuable heritage of world literature. Using Aitmatov’s works in class is important to arouse students’ interest in literary works, direct them to critical thinking and creativity. If the selected texts are different in subject matter, then the lesson will be, enriched with content about education, upbringing and development of a common spiritual culture and knowledge of the world. The article says that the problems and issues of the development of the Kyrgyz language

**Keywords:** Great thinker, creator, worldview, Nazi, fate, contemplator, miracle, legend, citizen, eternity, great thoughts

**КИРИШҮҮ:** Азыркы учурда мамлекеттик тилди ЖОЖдордун филологиялык эмес факультеттеринде окутуу маселеси колго алынып, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө өз деңгээлинде кам көрүлүүдө. Буга далил Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамы” ошондой эле көптөгөн мамлекеттик тилди өркүндөтүү программалары окутуучунун алдына көптөгөн милдеттерди койду [5, 250 б.]. Учурдун талабына ылайык сабак өтүү ар бир темага, анын табиятына ылайык кошумча материалдарды, изилдөөлөрдү, күндөлүк басма сөздөрдөгү жаңылыктарды шайкеш келтире баяндоо, жыйынтыгында мындай аракеттер өз натыйжаларын берүүдө. Келечек

муунга кыргыз тилинин байыртадан келе жаткан уюткулуу тил экенин, эне тил улуттун мамлекет болуп сакталышынын өбөлгөсү экендигин түшүндүрүү бирден бир зарылдык. Башкача айтканда, турмуш тиричиликтин жана маданий чөйрөнүн түрдүү кырдаалдарында студенттерди кыргызча баарлаша билүүгө, өз алдынча ой жүгүртүп, кыргыз тилиндеги берилген адабий-тарыхый мазмундагы тексттерди окутуп, алар боюнча ой-пикирлерин угуп жана студенттин өзүнүн да оюн билдире алууга көнүктүрүү сабактын негизин түзөт. Ар бир сабактын темасын, ага ылайык көтөргөн жүгүн айкындоо студенттин теманы кабылдап өздөштүрүүсүнө ылайык жүзөгө ашат. Кыргыз тилиндеги таамай айтылган макал-лакаптар, учкул сөздөр дүйнө элдеринде өтө сейрек кездешсе, тилибиздеги, тарыхыбыздагы зор байлыктардын дагы бирлери бул кыргыз санжырасы, Камбаркандан баштап ар бир эски күүлөр, кыргыздын боз үйү, анда элдин турмушуна керектүү болгон буюмдардан, эмеректерден тартып бүткүл кол өнөрчүлүгү, ошондой эле ар бир оймо чиймеде, кыргыз элинин жашоосу, дүйнөнүн символу, бүткүл ааламдын сүрөттөрү жатат. Биз ушуларга бүгүнкү күндө баа берип жатабызбы? Азыркы биз тарбиялап жаткан муун аларды иреттеп, дүйнөлүк маданияттын баа жеткис казынасына кошулууга милдетүү Ушул тапта улуттук өмүрүбүздүн жылдыздуу бир саатын, салтанаттуу бир учурун башыбыздан кечирип турабыз десек жаңылышпайбыз. Себеп дегенибиз, бүгүнкү турмушубузда болуп көрбөгөндөй жаңылануу процесси жүрүп, окутууда да социалдык – экономикалык, саясий тармактардагы бардык көрүнүштөрдү ачып берүү менен бирге аларды кеңири пайдаланууга мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жатат. Баалуу мурастарыбыз, улуу нарк, руханий дөөлөттөрүбүз бархталып, көп мезгил бардык нерсе акчага бааланып, жан дүйнөбүз жардыланып калгандыгын эч ким тана албайт, илим- билим бархталып бүгүнкү күнү алдыңкы орунга чыгып өзүнүн туура баасын алып жатат.

ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ: Биз өз сөзүбүздө жалпы тил жөнүндө же эне тилибизге Чынгыз Айтматовдун мамилеси тууралуу, эскерүүлөрү, ой толгоолору, ошондой эле кыйын кырдаалдардагы өлкөбүздөгү тил маселесине болгон көз караштарга өз убагында курч жоопторду айтып тоскоолдуктарга карабай туура мамиле болгондугу бүгүнкү күндөгү абалыбыздан даана чагылдырылып турат экендигине учкай кайрылсакпы деп аракет кылган элек.

ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДУ: Практикалык баалуулугунан улам келип чыккан тил үйрөнүүнүн коммуникативдүүлүк багыты бүгүнкү күндө кыргыз тилин үйрөтүүнүн негизги ыкмасы катары келип чыкканы талашсыз. Бул ыкма пикир алышууга үйрөтүүчү, окутуучунун практикалык ишин мазмундуу, ар тараптуу жана жемиштүү мүнөзгө айлантуучу мүмкүнчүлүккө ээ. Пикир алышуу – бул көп тараптуу мамилелешүүнүн формасы, пикирлердин түрдүүчө болушу сыяктуу коомдук психологиялык жана речтик процесс.Макалада камтылган жагдайлар окутуучунун чыгармачылыгына карата жүргүзүлөт жана окутууга карата жаңыча түр берүү сыналган методдордун мазмунун байытуу болуп эсептелет, аны тереңдетип изилдөө оң натыйжаларды бере алат [1, 5 б.].

НЕГИЗГИ МАЗМУНУ: Колундагы курч калеми менен эл бактысына өз өмүрүн биротоло арнап койгон заманыбыздын залкары болгон Ч.Айтматов жөнүндө сөз сүйлөө – бул чексиздик космос мейкиндиги сыяктуу. Айтматов жөнүндөгү биздин ой туюмубуз океандын бир тамчысындай болсо керек. Тил - бул ар бир элдин каны-жаны, тил анын тажрыйбасынын, дүйнө таануусунун, маданиятынын, тарыхынын ашташуусу, акырында, тил улуттун кубанса – кубанычы, кайгырса – кайгысы жана акыл эси деп, улуу залкар бекеринен кайталап эсибизге салбаган чыгар. Буга далил XVIII кылымдын улуу жартманы, чоң философ-

лингвист Вильгельм Гумбольдун да "Тил элдин духу, элдин духу анын - тили, бул экөөнөн жакын жуурулушкан эч нере жок" деп айткан таамай баасы, далилдүү сөзү бизге жеткен. Демек, мындай терең мааниси бар ойлордун түпкү маңызы бизге бугунку күнү дагы ачык айкын болуп ар бир тилдин тагдыры ошонун ичинде кыргыз тилибиздин тагдыры, анын түбөлүк жашап турушуна биз,өзүбүз, ар бирибиз кайдыгер болбой жоопкечиликтүү болуу керек экендигибиз аныкталып жатат. Турмушубузга терең синип, кулачын кеңири жайып келип калган бүгүнкү ааламдашуу доору деген бул болуп көрбөгөндөй компютер байланышы күч алып, интернет желелери жалпы жер жүзүн аралап турган кез болсо, ошол ааламдашуу мезгилинде тилдер да бири-бирине таасирин тийгизип, кайсы бир элдер элдигинен ажырап, кайсы бир тилдер колдонуудан сүрүлүп чыгышы пайда болот деген түшүнүктү берет экендиги билине баштады [3, 9 б.].

Алардын ичинде кыргыз тили жокпу деп ойлонушубуз керек окшойт. Себеби алыс барбай эле өзүбүздүн балдарыбыз, айрым студенттерибиз буга мисал боло алат.Кыргыз тили аз колдонулуп бара жатат деген маалыматтар да жок эмес. Деги эле улуттук тилде таза сүйлөп жатабызбы? Кыргыз тилибизге болгон мамилебизди түшүндүкпү? Биз болсок дагы эле чет тилдин сөздөрүн тилибизде көп колдонуп, тилибизге шалаакы мамиле жасаган элдер экендигибиз басымдуураак көрүнөт. Ошол шартта кыргыз тили-бай тил. Кыргыз тили дүйнөдөгү эң байыркы тилдердин бири экендигин окутуучу өз сабагында чеберчилик менен чыгармачыл мамиле кылып ар бир балага жекирүүгө аракетибиз, түмөн түйшүктү аркалаган ушундай биздин иш тилибиздин өнүгүшүнө кошкон кичине салымыбыз болсо керек. Кыргыз тилинин практикалык курсу сабагын окутууга арналган биздин окуу программаларыбыздагы темалар ушул кыргыздын улуу жаратмандыгын да камтып түзүлгөн.

Чыңгыз Айтматоа өзүнүн бир эскерүүлөрүндө кыргыз эли негизинен тоодо жашап, географиялык жана тарыхый жактан чектелип турган кезинде, анын тили ошол учурдун маданий жана турмуштук муктаждыгын толук канаатандырып келди. Бирок мезгил өзгөрдү – совет доорунда биз XX кылымдын чегине чыктык, бир жагынан улуу жыргалчылыкка жеттик, экинчи жагынан, биздин байыркы тилибиз кыйын абалда калды деп эскерген..Маселен, накта гуманитардык тармакты алып көрөлү, булардын баары тикеден – тике улуттун тили менен байланыштуу экендигин айтып, тирүү эл болгон соң өз муктаждыгы, өзүнүн өзгөчөлүгү, түйшүгү болбой койбойт. Бизге радио жана теле көрсөтүү үчүн жаңы дикторлор, театрыбыз жана кино үчүн режиссерлор менен артисттер, журналисттер менен редакторлор, саясий жана спорттук баяндамачылар, басмаканадагы тамга тергичтер, милиция менен соттор, адвокаттар керек, алар эне тилин мыкты билиши абзел деген курч масени көтөргөн экен. Бизге илимпоз - тилчилер менен тарыхчылар, бардык профилдеги мектеп мугалимдери, балдар үйүнүн тарбиячылары, опералык жана эстрада ырчылары, хор менен капеллалар керек, дагынкысын дагы санай берсек сөз жетпес. Бул муктаждыктарды кантип ишке ашырабыз, кантип мындай талаптарды канаатандыра алмакчыбыз деп түйшүктүү суроону алдына койгон Жүрөктү өйүгөн бул проблемалар тил үчүн, эл үчүн, кыргыздын келечеги үчүн чечилиш керек болуп турса да, ошол учурдагы көптөгөн адамдар улутчул деген жалаадан чочуркашып, аны айтууга батына алышкан эмес деген оюн билдирген. 37- жылдан кийин интеллигенциянын каймагы жок кылынган соң маданият менен администрациянын тирүү калган ишмерлери өз керт башын сактап калуу максатын көздөшүп эч нерсеге аралашкысы келген эмес, а башкалары ашкере интернационалисттердин кейпин кийип, ич ара карасанатай иштерди тымызын жүргүзүшүп, каалаган кишисине улутчул деген жалган жалааны жаап эптеп жакшы көрүнүштүн айласын табуу мен алек болушкан. Улуттук бала бакчаларды жалаң гана кыргыз

тилинде ачуу керек деген маселени эч ким эч качан көтөргөн эмес, тескерисинче улуттук бала бакчаларды орус тилин тереңдетип үйрөтүү программалары менен ачуу керек деген маселе айкын ачык коюлуп келген.

Демек, Айтматов өзүнүн эне тилинин тагдырына күйүп бышкан, эң негизгиси өзүнүн эне тилинин бай ширесин чыгармаларында да колдонуп, кыргыз элинин келечегин, анын маданий социалдык жактан өнүгүшүн кыргыз тили менен байланыштырып караган. Ч.Айтматов кыргыз элинин улут катары өнүгүшүндө, кыргыз тилинин ролун, маанисин,ордун, келечегин туура баамдаган, көрө билген. Айтматовдун эскерүүлөрүнүн биринде берилген эң бир таасирдүү, турмуштук мааниси зор айтканын биз сабактарыбызда да колдонуп келебиз. _алардын бири: Кана, жети атасын ким жазбай санап берет? - деп Шекерлик аталар сурашаар эле деген эскерүүсү. Ырас, азыр деле элибизде жети атасын билбеген жетесиз деген түшүнүк сакталган. Негизгиси, Айтматов бул жерде эне сүтү менен оозанган тилин, тарыхын билбегенди маңкурт деген ойду айтып жаткандыгы. Кыргыз эли өзүнүн миңдеген жылдык карт тарыхында бир канча жолу тили эле эмес өзү да жок болуп кетүү чегине жетип, бирок обьективдүү себептерден улам өзгөчөлүгүн жана элдүүлүгүн сактап калгандыгы бардыгыбызга белгилүү.

Бул иште Кыргызстандын тарыхына өздөрүнүн ысымдарын алтын тамгалар менен жазып кеткен К.К.Юдахин, И.А.Батманов, С.М.Абрамзон, М.Н.Лушихин, С.М.Попов сыяктуу чыгаан инсандар менен сыймыктануу гана керек. Манас атабыздын жар таштаган идеяларын Чынгыз Айтматов дагы бийик көкөлөтүп, мамлекетибизди, эл-жерибизди адамзаттык бийиктиктерге көтөрүп чыгуу жолун калың кыргыз үчүн көрсөтүп турган улуу, көсөм, улуу жартман болгон. Дагы айталы, дүйнөгө кожоюн болууга умтулган күчтөр улуттук маданиятыбызды, тилибизди жер бетинен тып-тыйпыл кылууну, жоготууну көздөшөт. Мындай карасанатайларга карата улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматов кашкайган жообун берген. “Ал ар бир тил, ар бир улуттук маданият жалпы адамзат казынасынын уникалдуу табылгасы. Ал жоголсо, экинчи кайталанбайт. Адам дүйнөсүнүн кызыктыгы анын полифониясында, ар түрдүүлүгүндө, дүйнөнүн өзү көп кырдуулугу менен кызык” Кандай гана айтпайлы, биздин келечегибизди,жашообузду, тилибизди, маданий руханий дөөлөттөрүбүздү, улуу Манастын тазартуучу күчүндөй болгон Айтматовсуз элестетүү мүмкүн эмес. Чыңгыз Айтматов үчүн эмне деген керемет сөздөр да жетишсиз болор. Бул сөздөр улуу инсан үчүн биздин кичинекей гана ыйык бычылган баабыз, берилген татыктуу сыныбыз деп ойлойбуз. Ар бир кыргыз атуулу үчүн Кыргызстан, Ата Мекен, эне-тил, улуттук талам, Манас, Чыңгыз деген глобалдуу, базалык, түпкүлүктүү, түбөлүктүү ушундай ыйык түшүнүктөрүбүз миң жылдан кийин да бүгүнкү актуалдуулугун жоготпойт, кыргыз улутун бириктирип турат, кыргызды кыргыз катары сактап келет деген ийги тилектерибиз бар. Байыртадан ата-бабаларыбыз бизге көөнөрбөс сөз казынасын мурастап берип кеткенин сезип, элибиздин руханий дүйнөсүнүн көркөм дөөлөтүнүн деңгээлин аныктай алганын, энчилүү мурастарды жаратканын баалап жоготууларга дуушарлантпасак. Эң бир жогорку көркөмдүктө берилген мисалга кайрылсак: “Улуу кыргыз эли гана ымыркай төрөлсө “бата” берип, сөз менен тосуп алат, бешик ырын ырдап сөз менен сооротот. Жылкы кайтарса, үрөн сээп, эгин эксе, ашык болсо баарын ырдап, сөзү менен билгизет. Жоого аттанарда сөз менен ант берет. Өлгөндө да сөз чыгарып, кошок кошуп узатат. Андан да сөз менен жаан жаадырып, сөз менен адамды айыктырат. Өзүнөн алда канча саны көп жоо менен чабышканда, кырылып жок болуп кетээрде сөз менен кайра тирилген элбиз. Сөздү кылыч кылып, сөз менен “Улуу кыргыз сепилин” курган элбиз. Дүйнөдө болгону саналуу гана империя болгон. Аны саналуу эле элдер курган Алардын бири

биз, кыргыздар. Биздин ата-бабалар, быягы Кашкарга чейинки чөлкөмдү бийлеп, улуу кыргыз доору жүргөн. Эми эртедир-кечтир, замандын бир заманында кайрадан бир империя курушубуз зарыл болчу. Аны биз кура алдык. Бир эле улуу сүрөткер Чынгыз Айтматовдун кудурети менен курулду. Ал аскерий же экономикалык империя эмес, ал нукура руханий каганат.Бул каганат сөз менен курулду" деп айтылган, басма сөз беттерине жарыяланган бул сыяктуу кызыктуу, улуу ойлор жөнүндө окуу, угуу, түшүнүү студентти кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз [2, 4 б.]. Студенттерибизди ата журтубуздун эркиндигин, эгемен мамлекеттүүлүгүн эң жогору ыйык дөөлөт деп санаган бийик жарандык аң-сезимдүүлүккө, мекени үчүн жанын берүүгө, анын гүлдөп өсүшү үчүн даяр турган, "Ата журтумсуз мен киммин, ата-энесиз жетиммин","Басканча бөтөн жердин көк шиберин, басайын өз жеримдин тикенегин" деп ойлонгон,ата конушунун бүтүндүгү, эл-журтунун биримдиги үчүн тикесинен тик турган, "Сен ооруба, мен ооруйун Ата-журт"деген, көкүрөк- көөдөнү ар намыска жана абийирдүүлүккө ширелген атуулду тарбиялоо. "Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм"(Алыкул) деп туюнган,мамлекеттик тилдин байрагын желбиретип,бийик көтөрүп жүргөн, кыргыз тилинде сүйлөө жана жазуу маданиятынын өрнөгүн көрсөтө билген азаматты жетилтүү биздин, окутуучунун түздөн- түз милдети.

Демек, Ч.Айтматовдун улуу ишмердиги кыргыз элинин бүгүнкү турмушунда да жарык жылдыз сыяктуу жанып келет. Айтматовдун чыгармаларындагы, эскерүүлөрүндөгү улуу ойлору кинодо, театрда, музыкада, сүрөт өнөрүндө, алп Манаста гана эмес, саясат маселесинде да өз өмүрүн улантып жатат десек катачылык болбос. Дал ушул сыяктуу маселелерди камтыган улуу ойлор жаштарды Айтматов ааламына саякат кылдырып, анын улуулуктарын жан дүйнөсү менен сезип, жазуучунун терең дүйнөсүнө сүңгүп кирип, ал жөнүндө ой-пикир жаратып,бүтүм чыгарарына көмөкчү болору шексиз.

**АДАБИЯТТАР:**


1. Рысбаев С. К., Сыдыкова Б.Ч. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери
   Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо. – Бишкек, 2002. – 5-87 бб.
2. Иманалиев К.К. Чынгыз Айтматовдун он эки керемети / Кут Билим – Бишкек, 25-октябрь 2018-жыл, – 3-4 бб.
3. "Кыргызстан Маданияты" гезити 17-декабрь 1987. №51 (1090) – 8-11 бб.
   Ч.Айтматов Республикалык илимий практикалык конференцияда сүйлөгөн сөзү.
4. Үкүбаева Л. Чынгыз Айтматовдун адабияттагы арымы / Эркин Тоо. – Бишкек, 2008. – 7-9 бб.
5. Мамырова А.Ю. Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү изилдөөнүн негизги теориялык методдору. / И.Арабаев атындагы КМУ.ЖАРЧЫ журналы. №1, 2023 – 251-б.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Кулбачаев Д.**